**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XIII СЕССИЯСЫ**

**ТОКТОМ №20**

**25-ноябрь 2025-жыл** **Октябрь айылы**

Багыш айыл аймагындагы Айгыр-Жал
участкасынын №97 контурунда жайгашкан 2 гектар
жер аянтын категориясын которууга макулдук
берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жер” Кодексин негиздеп, Багыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 08-августундагы 01-15/237 сандуу «Багыш айыл аймагынан Айгыр-Жал участкасынын №97 контурунда жайгашкан 2 гектар жер аянтына таш майдалоочу (Дробилка) куруууга «Айыл чарба багытындагы жерлери» таштуу жайыт категориясынан «Өнөр жай, транспорт, байланыш,коргоо жана башка багыттагы жерлери» категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө» кайрылуусун жана Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиянын протоколдук чечимин угуп жана талкуулап Багыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын XIII сессиясы токтом кылат:

1. Багыш айыл аймагынан Айгыр-Жал участкасынын №97 контурунда жайгашкан 2 гектар жер аянтына таш майдалоочу завод куруууга «Айыл чарба багытындагы жерлери» таштуу жайыт категориясынан «Өнөр жай, транспорт, байланыш, коргоо жана башка багыттагы жерлери» категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Түгөйбековго милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Ж.Сейдахматовго жүктөлсүн.

.

4. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**